КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын**
**V-сессиясынын**
**№1 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2024-жылга бекитилген бюджетинин аткарылышы боюнча отчётун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 78-, 117-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесин аткарууга алуу менен, Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика жана ички сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2024-жылдагы бюджетинин аткаруусу боюнча отчёту канааттандырарлык деп табылсын.
4.Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
5. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53


20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясынын**
**№2 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылга карата бюджетин бекитүү жана 2026-2027-жылга бюджет долбоору жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 78-, 117-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесин аткарууга алуу менен, Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетинин долбоорун жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп, талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V–сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарынын мэриясынын бюджетинин киреше бөлүгү боюнча жалпы 175391,2 миң сом, анын ичинен жергиликтүү бюджеттен 149391,2 миң сом, ал эми атайын каражат эсебинен (ата энелердин эсебинен чогула турган акча каражат) 26000,0 миң сом бекитилсин.

   Базар-Коргон шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылга болжолдуу киреше болугу 179074,0 миң сом, 2027 жылга болжолдуу кирише бөлүгү 195237 миң сом болжолдонсун.

2. Базар-Коргон шаарынын бюджетинин 2025-жылдын 01-январына карата калдык 17496,7 миң сом, атайын эсепте 111,9 миң сом.

3. Базар-Коргон шаарынын мэриясынын корголуучу элементтерине аппарат кызматкерлеринин жана маданият бөлүмүнүн кызматкерлеринин эмгек маянасы үчүн 40603,3 миң сом, социалдык фондго төлөмдөргө 5167,1 миң сом, кызматтык кыдырууларга чыгашалары 617,5 миң сом, байланыш кызмат көрсөтүүсүнө 500,0 миң сом, транспорттук кызмат көрсөтүүлөргө 2235,7 миң сом көмүр, отун сатып алууга 6033,0 миң сом, коммуналдык кызматтарга (таза суу акысы мектептер жана бала бакчалары) 400,0 миң сом, резервный фондго 1471,4 миң сом, Базар-Коргон шаарынын калкын

материалдык жактан жардам көрсөтүү максатында 2000,0 миң сом материалдык жардам (5,0 миң сомдон 20,0 миң сомго чейин, чет мамлекетке чыгып дарылануу үчүн 50,0 миң сом) өлчөмүндө бекитилсин.

4. Базар-Коргон шаарына караштуу «Тазалык» муниципиалдык ишканасына элден чыккан таштандыларды ташуу үчүн 15000,0 миң сом, бекитилсин.

5. Айыл чарба депратамент ишканасына бюджети 3 эсеге көбөйтүлүп 2593,9 миң сомго жана эки кызматкердин эмгек маянасы камыштарды жок кылуу үчүн 2500,0 субсидия катары бекитилсин.

6. Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу «Базар-Коргон сууканал» ишканасына көп кабаттуу үйлөрдү жана борбордук стадиондун ажааткнасынын саркынды сууларын борбордук саркынды сууларга туташтыруу үчүн ремонттоого 2000,0 миң сом акча каражаты субсидия катары бекитилсин.

7. Базар-Коргон шаарына караштуу балдар бакчаларынын корголгон статьялары үчүн 200,0 миң сом, СЭС жана лабораториялык текшерүүдөн өтүү үчүн 170,0 миң сом, жабдуулар жана (огнетущитель) сатып алуу үчүн 850,0 миң сом, чарбалык товарлар сатып алуу үчүн 600,0 миң сом, мүлктү учурдагы ремонту үчүн 700,0 миң сом, №27 Мамалак , №33 Айшола , №41 Нурбакыт, №36 Айкөл, №31 Нур балдар бакчаларын ижара акысы үчүн 1000,0 миң сом бекитилсин.

8. Атайын каражаттар эсебине (ата энелердин эсебинен чогула турган акча каражат) 26000,0 миң сом бекитилсин.

9. Базар-Коргон шаарына караштуу орто жана тогуз жылдык мектептердин корголгон статьялары үчүн 295,0 миң сом, эмеректер сатып алуу үчүн 629,7 миң сом мүлктү учурдагы оңдоо үчүн 200,0 миң сом жана чарбалык товарлар сатып алуу үчүн 200,0 миң сом бекитилсин.

10. Базар-Коргон шаарына караштуу көчөлөргө жаңы асфальт төшөөгө 25000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.

11. Базар-Коргон шаарына караштуу жаңы конуштарга зым столба электро чубалгыларын жана трансформатор сатып алуу үчүн 3000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.

12. Базар-Коргон шаарына караштуу көчөлөргө жана талаа жолдоруна трубага 150,0 миң сом бекитилсин.

13. Базар-Коргон шаарынын аппарат кызматкерлери эмеректер 400,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.

14. Базар-Коргон шаарына караштуу көчөлөрдү жана талаа жолдорун сүрүүгө солярка үчүн 300,0 миң сом, акча каражаты бекитилсин.

15. Жыл ичинде боло турган майрамдарга карата жана спорттук иш чараларга өткөрүү жана колдоо үчүн 4980,0 миң сом, бекитилсин.

16. Базар-Коргон шаарына караштуу балдар бакчаларында тарбияланууучу балдардын тамак аш үчү ата энелерден күнүнө бир балага 50 сомдон акча каражаты алынат.

17. Көрнөк жарнактарды жасатып илдирүү үчүн 200,0 миң сом, бекитилсин.

18. Өзгөчө кырдаалдар учуруна Базар-Коргон шаарында Республика боюнча кол тийгис акча каражаты үчүн 200,0 миң сом, бекитилсин.

19. Көкчө-Көз айылындагы Кара-Үнкүр дарыясын бекемдөө үчүн 800,0 миң сом бекитилсин.

20. Жолбун жүргөн иттерди атуу үчүн 200,0 миң сом бекитилсин.

21. Беш-Бадам айылындагы яма беккердин дезинфекциялоо үчүн 65,0 миң сом бекитилсин.

22. Кызмат көрсөтүүлөр үчүн акысы 5917,4 миң сом, бекитилсин.

23. Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү ишканасына асфальт көчөлөрдүү жуу үчүн водавоз сатып алуу үчүн 3900,0 миң сом бекитилсин.

24. Курулуш куруу иштери үчүн 37567,5 миң сом бекитилсин.

25. Көчөлөргө шагал төгүү үчүн 500,0 миң сом бекитилсин.

26. Жаңы ремонттон өткөрүлгөн Бабур атындагы маданият үйүн эмеректер менен камсыздоо үчүн 2500,0 миң сом бекитилсин.

27. Фондтор менен жана долбоорлор менен Лизинг аркылуу техника сатып алуу үчүн (3000,0 миң сом ) бекитилсин.

28. Базар-Коргон шаарына караштуу Беш-Бадам айылындагы Сибирь ачасынын кароолунун эмгек маянасы 60,0 миң сом социалдык фондго төлөмдөргө 10,4 миң сом бекитилсин.

29. Келишим түзүлүп толук аткарылбай калган жумуштар карыздар үчүн 5821,0 миң сом бекитилсин.

30. Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу көчөлөргө түнкү жарыктандырыуулар үчүн 8300,0 миң сом бекитилсин.

31. Алдын ала каралбаган чыгымдар үчүн 3000,0 миң сом бекитилсин.

32. Базар-Коргон шаардык кеңешинин жана шаар мэриясынын аппаратынын кенже тейлөө персоналына, Базар-Коргон шаарынын мэриясынын алдында түзүлгөн ишканаларынын кызматкерлерине эмгек акылары аз болгондуктан кошумча компенсация төлөнүп берилсин.

33. Базар-Коргон шаарынын Жергиликтүү бюджетинде 2025-жылдын 01-январына карата бюджеттик кодекстин 110-беренесине ылайык кызматкерлердин бир айлык эмгек акы өлчөмүнөн кем эмес акча каражаты калтырылсын.

34. Базар-Коргон шаарынын 2025-жылкы бюджетинин аткарылышында толуктоо өзгөртүү киргизүү шаардык кеңештин токтомунун негизинде киргизилсин.

35. 2025-жыл ичинде үнөмдөлгөн акча каражаттары Базар-Коргон шаарынын мэриясы тарабынан керектүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн жумшалсын.

36. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.

37. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

38. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясынын № 3-ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджеттен калган каражаттарды пайдалануу жөнүндө

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2024-жыл ичинде иштетилбей калган 17496,7 миң сом акча каражатын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджеттен такталган планына отургузуу боюнча шаардык кеңештин бюджет-экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп, талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кенешинин II-чакырылышынын V–сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2024-жыл ичинде иштетилбей калган 17496,7 миң сом акча каражаты 2025-жылга карата жергиликтүү бюджеттин атайын каражаттары боюнча чыгаша бөлүгүнө –
   а) 70111-разделдин 3112-статьясына +2000,0 миң сомго
   б) 70443-разделдин 3111-статьясына +10596,7 миң сомго
   в) 70629-разделдин 3112-статьясына +4900,0 миң сомго
   Жалпысы болуп 17496,7 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдердин элементтерине отургузулсун.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясынын № 4-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 1-январына карата калдык болуп атайын каражаттан калган каражаттарды пайдалануу жөнүндө

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2024-жыл ичинде атайын каражаттар эсебинен калдык болгон 111,9 миң сом акча каражатын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджеттин атайын каражаттары боюнча такталган планга отургузуу боюнча шаардык кеңештин бюджет-экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кенешинин II-чакырылышынын V –сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2024-жыл ичинде атайын каражаттар эсебинен иштетилбей калган 111,9 миң сом акча каражаты 2025-жылга карата жергиликтүү бюджеттин атайын каражаттары боюнча чыгаша бөлүгүнө –

а) 70911-разделдин 2218-статьясына +111,9 миң сомго отургузулсун.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин..

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясынын**
# №5 -ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаарынын аймагынан таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым ставкасын бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кодексинин 24-главасынын 74,-75,-76-беренелерин жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу “Тазалык” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Э.Нуркамиловдун 08.01.2025-жылкы чыгыш №01-2/1 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын кортундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар аймагынан таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым ставкасын жеке жактар жана юридикалык жактар үчүн 100 сомго бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу Ө.М. Мурзаевге жана Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу “Тазалык” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Э.Нуркамиловго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын**
**V-сессиясынын**
**№6 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаардык кеңешинин 2025-жылга карата иш-планын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” мыйзамынын, Базар-Коргон шаардык кеңешинин регламентинин 22-главасынын негизинде, шаардык кеңештин туруктуу комиссия төрагаларынын жана депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаардык кеңешинин 2025-жылга карата иш-планы бекитилсин.

2. Базар-Коргон шаардык кеңешинин 2025-жылга бекитилген иш планынын аткарылышын камсыз кылуу жагы шаардык кеңештин жооптуу кызматкерлерине жана шаардык кеңештин туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин вице төрагасы М.А.Урмаматовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53


20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясынын**
**№7 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылга карата иш-планын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 27,34,45-беренелерин аткарууга алып, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын мэриясынын 2025-жылга карата аткара турган иш-планы алымча-кошумчасы менен бекитилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жана мэриянын аппарат жетекчиси К.Раевге жүктөлсүн.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин вице төрагасы М.А.Урмаматовго милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясынын
## №8 -ТОКТОМУ

### Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу Үч-Эмчек участкасынан парк куруу үчүн 200,0 гектар жер аянтын айыл чарба категориясынан калктуу конуштар категориясына которууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесинин 2-пунктун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктун аткарууга алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.03.2014-жылдагы “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу Жобону бекитүү тууралуу” №169 токтомуна ылайык, Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевдин 20.01.2025-жылкы чыгыш №01-17/112 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл чарба, муниципиалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Жашыл-Мурас” Улуттук компаниясынын иш жүзүнө ашыруу максатында, Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу Үч-Эмчек участкасынан парк куруу үчүн 200,0 гектар жер аянтын, анын ичинде шаар тургундарынын үлүш жери же ижарага алган жер аянттарын мыйзам чегинде эске алуу менен айыл чарба категориясынан калктуу конуштар категориясына которууга макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жана Базар-Коргон шаарынын мэриясынын жер адиси А.Б.Болотбековго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Тохтасиновго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясынын**
## №9 -ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаарына караштуу Совет айылынын Көкчөгөз участкасында жайгашкан 2,85 гектар жер аянтын муниципалдык менчик реестрине кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасыны “Жер кодексинин” 18-беренесинин 2-пункту, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27-, 34-,45-беренелерин аткарууга алып, Базар-Коргон райондук прокуратурасынын 12.04.2024-жылдагы №10/2-10-24 сунуштамасына, Базар-Коргон шаарынын мэри Т.О.Осмоновдун 23.08.2024-жылдын чыгыш №01-17/202 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясы **токтом кылат**:

1. 2024-жылдын 14-августундагы Кеңеш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз VII-сессиясынын №1-токтомунун негизинде Базар-Коргон шаарына караштуу Совет айылынын Көкчөгөз участкасында жайгашкан 2,85 гектар жер аянтын мэриянын муниципалдык менчик реестрине тиркемеге ылайык кабыл алууга макулдук берилсин.Тиркеме №1 тиркелет.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Тохтасиновго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл　　　　Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясынын №10 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын аймагындагы жеке менчик жер аянтарынын багытын өзгөртүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 12-беренеси, 18-беренелерин аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу А.Юсупжановдун каттарына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын Вокзальный көчөсүндөгү Бадалбаева Инабатхан Уринбаевнага таандык идентификациялык номери 3-02-03-0001-0576 (2200,0 чарчы метр) жер тилкесини курулуш куруу максатынан комерциялык дүкөн (соода комплекси) багытына өзгөртүп берүү, Базар-Коргон шаарынын К.Култаев көчөсүндөгү Батиров Рустамжанга таандык идентификациялык номери 3-02-02-0017-0156 (122,4 чарчы метр) жер тилкесини курулуш куруу максатынан комерциялык дүкөн (тигүү цехи) багытына өзгөртүп берүүгө жана Базар-Коргон шаарынын Б.Осмонов көчөсүндөгү Арапбаев Мээрбек Тынарбековичке таандык идентификациялык номери 3-02-02-0001-1019 (500,0 чарчы метр) жер тилкесин курулуш куруу максатынан турак жай багытына өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жана Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу муниципиалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысы Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Тохтасиновго милдеттендирилсин.

**Төрага　　　　К.К. Анарбеков**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясынын**
**№11 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын борборун жана башкы көчөлөрүнүн инфраструктурасын ондоо, көрнөк жарнактарды туура орнотуу үчүн “Дизайн код” боюнча ЖОБОну бекитүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Мамкурулушунун 2024-жылдын 03-декабрындагы №24 протоколдук тапшырмасына ылайык, Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу Ө.Мурзаевдин 16.01.2025-жылкы чыгыш №01-17/82 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын борборун жана башкы көчөлөрүнүн инфраструктурасын ондоо, көрнөк жарнактарды туура орнотуу, үйлөрдү жана коммерциялык объектерди долбоор (жумушчу проект) иш кагаздарына ылайык куруу максатында иретке келтирүү үчүн “Дизайн код” боюнча ЖОБОну бекитүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жана Базар-Коргон районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын жетекчиси М.А.Сатаровго жүктөлсүн.
3. Аталгантоктом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Жалиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын**
**V-сессиясынын**
**№12 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 34-беренесин аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобону жетекчиликке алып, Базар-Коргон шаарынын вице-мэри Т.Исаевдин, Базар-Коргон шаарынын “Замандаш” саясий партиясынын депутаттарынын, Базар-Коргон шаардык аксакалдар кеңешинин төрагасы М.Кадировдун сунуштарынын жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин “Укук жана мыйзамдуулук, архитектуралык курулуш” боюнча туруктуу комиссиянын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V– сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жана билим берүү тармагына кошкон зор салымы үчүн, Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги Абдрахманова Батмакан Артыкматовнага, Базар-Коргон шаардык кеңешинин биринчи төрагасы Садыков Замирбек Шакировичге жана көп жылдар бою Базар-Коргон айыл өкмөтүнүн орун басары болуп иштеп кеткен Тешебаев Мухаммадюнус Маматкаримовичге Базар-Коргон шаарынын “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын, жана тапшыруу аземи даталуу күндө берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Жалиловго милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын**
**V-сессиясынын**
# №13 -ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаарындагы №18 Периште балдар бакчасына кошумча бир тайпа ачып берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамынын 27-беренесин, 29-беренесинин 6-пунктун, Өкмөттүк акселератор программасынын "Кыргыз Республикасында мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөгү тоскоолдуктарды кыскартуу жана балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну жогорулатуу" программасын аткарууга алып, 21.01.2025-жылдагы №01-17/138 сандуу Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевдин катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, жаштар, спорт, штат бирдиги боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V -сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарындагы №18 Периште балдар бакчасына кошумча бир тайпа ачууга макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, жаштар, спорт, штат бирдиги боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы И.Мирзабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

20.02.2025-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын**
**V -сессиясынын**
**№14 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын мэриясынын сунушу боюнча кредит алууга жана мүлктөрдү күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 17-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34,45-беренелерин аткарууга алып, 19.02.2025-жылкы №01-28/393 сандуу Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевдин катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин II-чакырылышынын V-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарында Европа өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкынын каржылоосу менен таза суу жана канализация системасын калыбына келтирүү долбоорунун негизинде Базар-Коргон шаарына жалпы 4 200 000 евро бөлүнгөн анын ичинен 2 100 000 евро грант, 2 100 000 евро кредит. Долбоордун шарттары боюнча кредит 1% пайыз +Euribor өзгөрүлүп туруучу пайыздык коюм аркылуу жана ошондой эле 4 жылдык жеңилдетилген мөөнөтү менен 15 жылга берилет. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин талабы жана Базар-Коргон шаарынын мэриясынын сунушу боюнча 2 100 000 евро кредит алууга жана мүлктөрдү күрөөгө коюуга макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэринин убактылуу милдетин аткаруучу М.Ө.Мурзаевге жана Базар-Коргон шаарынын мэриясынын алдындагы “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Араловго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**